Ала-Тоо

Асман көктө чалкыган, жериң сонун Ала –Тоо,

Ата-журтуу акылман, элиң сонун Ала –Тоо.

Аркар, кулжа жайнаган, төрүң сонун Ала –Тоо,

Ак-куу сүзүп калкыган, көлүң сонун Ала –Тоо.

Эркин кыргыз элине, энчи болгон Ала –Тоо,

Эгемендүү жерине, кечи болгон Ала –Тоо.

Каркырадай жебесин созо жүрөт Ала –Тоо,

Кайда жүрсөм элесиң, кошо жүрөт Ала –Тоо.

Түркүн гүлү жайнаган, түрүң сонун саймадан,

Гүл зарыңда түрдүү куш, күн, түн тынбай сайраган.

Карегимди толтуруп карай берем кайрадан,

Кагылайын Ала –Тоо, караныңдан айланам.